# Баркы бийик балдар жазуучусу

# Шукурбек Бейшеналиевге 95 жыл



Шүкүрбек Бейшеналиев 1928-жылы 25-октябрда азыркы Ак-Талаа районундагы Куртка айылында туулган. Ш.Бейшеналиевдин балалык чагы Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарына туш келгендиктен, кыйынчылык жагдай-шартка жараша убагынан эрте жетилген курбалдаштары сыяктуу турмушка эрте аралашты.

Болочок жазуучу башталгыч классты окуп жүргөндө эле өзү туулуп өскөн Куртка айылына келген таланттуу адамдар — эл куудулу Куйручук, акын Калык, ырчы Мусаны нечен жолу көрүп, алардын өнөрүнө суктанган. Жашынан акындардын, элдик өнөрпоздордун айткандарын кунт коюп үйрөнүп, ошолордой болууга далалаттанчу. Студент кезинде институттун адабий ийримине катышат. Шүкүрбек Бейшеналиевдин чыгармачылык тагдыры XX кылымдагы кыргыз совет адабиятынын өнүгүш тарыхы менен тыгыз байланыштуу. Бул анын чыгармачылыгынын өсүшүнө кыйла таасир берген. Ал чыгармачылык чыйырын 40-жылдарда, согуш мезгилинде райондук газетага чакан макала, очерк жазуудан баштап, бара-бара ырларын жарыялаганга жетишкен.

Толук эмес орто мектепти, башкача айтканда 7-классты бүтөөрү менен эмгек жолун баштоого аргасыз болгон.

1941-жылы «Колхозчу» гезитине кабарчы болгон. Ошондон тартып анын макалалары, очерктери, ырлары облустук, республикалык гезиттерге үзгүлтүксүз жарыяланган.

1943-жылы Нарын шаарында ачылган алты айлык мугалимдер курсунда окуп, андан соң орто мектепте мугалим, директор болуп иштеген.

Ш.Бейшеналиев 1946-жылы Нарын педагогикалык окуу жайын экстерн бүтүргөн.

Ал 1948-жылы университетинин филология факультетине өтүп, аны 1952-жылы ийгиликтүү аяктаган.

Жаш талапкер 1950-жылы балдарга арналган чыгармалардын республикалык конкурсуна катышып, анын «Чыныгы достук» повести биринчи сыйлыкка татыктуу болгон.

Ал 1952–53-жылдары СССР Илимдер Академиясынын Кыргызстандагы филиалындагы Тил жана адабият институтунда илимий кызматкердик орунда иштейт.

1953-жылы Ш.Бейшеналиев «Жаш ленинчи» журналына редактор болуп дайындалат.

1954-жылы Кыргызстандагы жаштар уюмунун Борбордук комитетинин секретары болуп шайланган.

1956–1959-жылдары «Жаш Ленинчи», «Ала-Тоо» журналдарынын, «Ленинчил жаш» гезитинин башкы редактору болуп эмгектенген. Бейшеналиев драматург катары да белгилүү. КМУнун филология факультетин, СССР Жазуучулар союзунун алдындагы Жогорку адабий курсту бүткөн. Мындан кийинки жылдары ал Кыргызстан жазуучулар союзунун секретары, чет өлкөлөр менен достуктун жана маданий байланыштын

Кыргызстандагы Коомунун президиумунун төрагасынын орун басары, төрагасы болуп коомдук иштерде жүрдү.

17 жылдай чет өлкөлөр менен достук жана маданий байланыш коомунун жетекчиси кызматтарында иштеген.

Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин депутаттыгына шайланган.

КМШнын Жазуучулар союзунун Эл аралык шериктештигинин башкармасынын жана анын Балдар жана өспүрүмдөр адабияты боюнча Кеңешинин мүчөсү, Кыргызстан Жазуучулар союзунун башкарма мүчөсү, анын алдындагы Балдар жана өспүрүмдөр адабиятынын ассоциациясынын Президенти, коомдук өнөктүктөрдүн демилгелүү катышуучусу болгон.

Шүкүрбек Бейшеналиев Кыргызстандагы көрүнүктүү жазуучу, драматург, Кыргыз эл жазуучусу, коомдук ишмер. Кыргыз элинин көрүнүктүү прозаиги, драматургу жана балдар жазуучусу катары дүйнөгө таанымал. Жазуучунун калемине таандык «Таалай жолу" (1964), «Болот калем" (1981), «Даңкка жараша жүк" (1973) романдары таандык. «Таалай жолу" романы өз кезинде кыргыз адабиятындагы публицистикалык маанайда жазылган кыргыз интеллигенциясынын өсүү, калыптануу эволюциясын чагылдырган алгачкы роман катары адабий чөйрөдө да, окурмандар арасында да зор кызыгууну жараткан. Ал эми «Болот калем" романында алгачкы кыргыз агартуучуларынын бири, жазгыч акын Тоголок Молдого арналганы, анын жашаган доору, чыгармачылык-агартуучулук ишкердүүлүгү, жеке турмушу, акын болуп калыптануусу, адамдык-инсандык өмүрү көркөм сөздүн күчү м-н акын-агартуучунун көркөм кайталангыс образы ачылган. Кыргыз балдарына ж-а чет элдик окурмандарга рухий байлык тартуулаган «Кычан", «Ак тайлак", «Мүйүздүү козу", «Чабалекей", «Аманат", «Сарыбайдын уулу" аттуу көптөгөн чыгармаларын жараткан. Бул чыгармалары Москвада орус тилинде басылып чыккандан кийин, белгилүү москвалык сынчы И.Мотяңов Ш.Бейшеналиев жөнүндө очерктерди жазып, өзүнчө китеп жарыкка чыгарган. Ошол мезгилдерде «Кыргызфильм киностудиясы Ш.Бейшеналиевдин «Аманат» повестинин негизинде көркөм фильм тартып, кино көрүүчүлөргө тартуулайт. Композитор С.Осмонов «Кычан» аттуу операга музыка жазат. Ал операнын либереттосу Ш.Бейшеналиевдин калемине таандык. Ушундан сон баарыбызга белгилүү «Болот калем аттуу көп багыттуу романды жазып бүтүргөн.

Ш.Бейшеналиев советтик коомдун, кыргыз мамлекетинин ар кандай бурулуш учурларында улуттук залкар ишмерлердин, жазуучулардын тагдырына талдоо жүргүзүп, аларга талбай үн кошкон, сергек, калыс жана чынчыл ойлуу чыгармачыл жазуучу жана сөзмөр катары жалпы калайык калктын кадыр-баркына ээ болуп өткөн.

«Кычан" аттуу повести, албетте, советтик түзүлүш кезиндеги жаш жеткинчек балдардын социалисттик түзүлүштү чыңдоого, анын душмандарына каршы күрөшүүгө активдүү катышуусунун Кыргызстандагы үлгүсүн чагылдырган. Ал өз кезиндеги саясий баа-баркы, тарбиялык таасири өзгөчө бааланып, баш каарман Кычан коомго ак кызмат кылуунун үлгү каарманы катары көрүнгөн. Балдар жазуучусу катары Шүкүрбек Бейшеналиевдин калеминин курчушуна дал ушул «Кычан" повести

чоң  сыноо болсо, андан кийинки «Мүйүздүү козу" повести анын дүйнө жүзүнө чыгаан балдар жазуучусу катарында таанылуусуна чоң түрткү болгон. Бейшеналиевдин чыгармаларынын ичинен жогоруда аталган «Кычан" ж-а «Сүзөнөөк козу" аңгемелери дүйнөнүн бир нече тилдерине которулган. Проза жанры м-н эле алектенбей, ал «Бойдоктор", «Дос", ж-а «Кычан" пьесаларды да жазган.  Бейшеналиев котормодо калемин сынап, орус элинин белгилүү жазуучулары Л. Толстой, М. Шолохов, К. Фединдин аңгемелерин, А. П. Чеховдун, Г. Ибсендин пьесаларын кыргыз окурмандарына тартуулаган.

Шүкүрбек Бейшеналиевдин чыгармалары көптөгөн мамлекеттерде ар кыл тилдерде жарык көргөн. Анын «Уядан учкандар», «Бойдоктор», «Кычан», «Тоо койнунда гүл», «Тоо ханышасы», «Дос», «Мейман», «Уста жана шакирттер», «Кайра жашарган өмүр», «Багынбас акын», «Байымбет» пьесалары театрларда коюлган. Чыгармалары дүйнөнүн элүүдөн ашык тилине которулган. «Мүйүздүү козу» китеби Эл аралык Андерсен атындагы Ардак диплом менен сыйланган.

Шүкүрбек Бейшеналиевдин Үй-бүлөсүндө балдар жазуучусу, тилчи болуп чыгышына апасынын жомокчу болгону көп таасир берген. Анткени агасынын жолун жолдоп Зарылбек Бейшеналиев дагы кыргыз тили жана адабиятынан сабак берип, 40 жыл бою мектепти жетектеп келди. Ырасында да кыргыз адабиятын, өзгөчө балдар адабиятын дүйнө элдерине таанытууда Чынгыз Айтматовдон кийин эле экинчи орунда турган бул сүрөткердин көркөм дүйнөсү, буга чейин илимий өңүттөн толук изилдене элек. Шүкүрбек аганын чыгармалары балдарды Ата Мекенди сүйүүгө, эмгекчилдикке, элдик салт-санааны билүүгө тарбиялап, балдарга дайыма адеп-ахлактык таалим берип келет.

Өмүрүнүн акыркы жылдарында мазмуунду, жаны чыгармаларды жаратты. Алардын арасында «Тайлак баатыр» эссеси, «Булбул көмөкөй» аттуу даректүү чыгармасы, «Эстелик» пьесасы, «Тагдыр сырлары», «Дөө шаалар» аттуу  замандаштары жөнүндөгү эскерүүлөрү, кыргыз адабиятынын айрым маселелерине кайрылган макалалар түрмөгү да бараандуу орунду ээлеп турат.

Шүкүрбек Бейшеналиев 2000-жылы 72 жаш курагында оорунун айынан келгис сапарга узай берди. Маркумдун сөөгү Бишкектеги "Ала-Арча" көрүстөнүнө коюлду.

Кыргыз эл жазуучусу жана драматург Шүкүрбек Бейшеналиевдин жашаган үйүнө мемориалдык такта орнотулду.

Бишкектин Москва көчөсүндөгү үйдө ал 1957-жылдан тартып көзү өткөнчө жашаган.







Кыргыз эл жазуучусу жана драматург Шүкүрбек Бейшеналиевдин жашаган үйүнө мемориалдык такта орнотулду.

Кыргыз Республикасынын Эл жазуучусу Шүкүрбек Бейшеналиевдин 95 жылдыгын юбилейлик иш-чара катары өткөрүү Нарын облустук китепканасында белгиленген. Облус аймагы боюнча жазуучу тууралуу дилбаяндар жазылып, бир катар эскерүү кечелери өткөрүүгө даярдык көрүлүүдө.

## Сыйлыктары. Наамдары

• «Эл достугу» ордени,

• «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы каарман эмгеги үчүн» медалы,

•В.И.Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгынын урматына «Каарман эмгеги үчүн» медалы,

• «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы жеңиштин 40 жылдыгы» медалы,

• «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы жеңиштин 50 жылдыгы» медалы.

Ал Кыргыз, Украин өлкөлөрүнүн Жогорку кеңештеринин Ардак Грамоталары менен, ошондой эле Монголия, Бүткүл дүйнөлүк Тынчтыкты коргоо Советинин, Бүткүл Союздук достук коомунун, «Тынчтыкты коргоо ишиндеги салымы үчүн» Ардак грамоталары менен сыйланган.

Ал Монголиянын Ревсомолунун сыйлыгынын лауреаты.

Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин депутаттыгына шайланган.

Ш.Бейшеналиев Кыргыз Республикасынын Эл жазуучусу, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты. Кыргыз Республикасынын адабият жана искусствосуна эмгек сиңирген ишмер жана Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин X чакырылышынын депутаты болуп шайланган көрүнүктүү коомдук ишмер болгон.